Бекитемин

Мектеп директору

Карымшаков М.Ж

« 6 » 08 2022-ж

Мугалимдин кызматтык инструкциясы

1. Мугалимдин жумуш убактысы:

   1- сменада саат 7.15-13.30 чейин;

   2- сменада саат 12.30 — 18.30 чейин;

2. Сабак башталаардын алдында:

   а) Расписаниени, дежурствону дагы бир жолу тактап карайт.

   б) Кабинетти ачып, анын сабакка даярдыгын (санитардык абалын, батарея, свет, кран ж.б.) текшерет.

   в) Эгер кабинет сабакка даяр эмес болсо (суу агып же свет жок) дежур мугалимге же админстрацияга билдирет.

3. Сабакка кирүүгө конгуроо

   а) биринчи конгуроо болгондо окуучуларды кабинетке киргизип, экинчи конгуроодо сабакты баштайт.

   б) Сабак учурунда мугалим окуучулар менен бирге кабинетте болот.

   в) Танапис учурунда окуучулар коридордо болушат, мугалим кабинеттин терезелерин ачып, желдетет.

   г) Мугалим өз убагында журналды усулканага алып келет.

4. Сабак бүткөндө:

   а) окуучуларды сыртка чыгарат.

   б) мугалимдин бардык сабактары бүтсө, кабинетти тазалатып, светтерди өчүрүп, кабинеттин эшигин бекитип, ачкычты усулканага алып барат.

   в) Дежур окуучулар кабинетти тазалап жатканда мугалим сөзсүз болушу керек.

5. Авариялык ситуацияда коопсуздуктун талаптары:

   а) сабакты токтотуу керек;

   б) мектептин администрациясына билдирет;

   в)керек болгон учурда врачка чейинки жардам көрсөтүү керек болсо, «тез жардамды» чакырат.

Мектепте массалык иш-чараларды өткөрүүдө окуучулар үчүн жүрүш-туруш эрежелери, өрт коопсуздугун сактоо жана материалдык-техникалык базаны коргоо боюнча инструкция

1. Окуучулар болуп жаткан мероприятияга өз убагында келишип, андан өз убагында кетишет.
2. Кабинеттеги столду, стулдарды биринин үстүнө бирин коюуга болбойт ашыкча стол, стулдарды коридордун же башка кабинеттин бир бетине тыкандап жыйнап коюу керек.

3. Сабак убагында окуучулардын себепсиз басып жүрүшүнө уруксаат берилбейт.

4. Мектептин сырткы территориясында, ичинде тамеки чегүүгө, алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө тыюу салынат. 5. Ата-энелердин сабакка келип катышына уруксаат берилет.

6. Мектептеги, класстагы иш-чараларда мектепте окубаган, тааныш эмес адамдарга катышууга уруксаат берилбейт.
7. Өрттү алып келуучу ар кандай электр тогу менен иштей турган нерселерди, химиялык жана башкаларды пайдаланууга тыюу салынат.
8. Майрамдын ар бир катышуучусу мектептин мүлкүн (көрсөтмө): сактоого милдеттүү.